ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

*УДК: 338.4:67+ 930.85*

*А.К. КАРЫЕВА*
*А.K. KARYEVA*
***E.mail. ksucta@elcat.kg***

# КЫРГЫЗСТАНДА ӨНӨР ЖАЙДЫН КАЛЫПТАНЫШЫНЫН АГАРТУУЧУЛУККА ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ (XIX к. – XX к. БАШЫ)

# ВОЗДЕЙСТВИЕ ФОРМИРОВАНИЯ ПРОМЫШЛЕННОСТИ К ПРОСВЕТИТЕЛЬСТВУ В КЫРГЫЗСТАНЕ (XIX – НАЧАЛО XX ВВ.)

# IMPACT OF FORMING INDUSTRY TO ENLIGHTENMENT IN KYRGYZSTAN (XIX-EARLY XX CENTURIES)

*Агартуучулуктун калыптанып, өнүгүшүнүн факторлорунун бири болгон өнөр жайдын калыптанышы Кыргызстанда совет мезгилине чейин эле башталган. XIX кылымдын экинчи жарымынан баштап Кыргызстанда өнөр жайдын калыптана башташы экономиканын, коомдук мамилелердин, агартуунун өнүгүүсүнө таасир тийгизген.*

***Чечүүчү сөздөр:*** *өнөр жай, өндүрүш, чарбачылык, Кыргызстан, капиталисттик.*

*Являвшийся один из факторов в становлении и развитии просветительства формирование промышленности в Кыргызстане произошло еще в досоветское время. Развитие промышленности в Кыргызстане со второй половины XIX века оказало огромное влияние на развитие общественных отношений, экономики и просветительства.*

***Ключевые слова:*** *Кыргызстан, промышленность, производства, хозяйство, капиталистический, просветительства..*

*One of the factors in the formation and development of enlightenment was the formation of industry in Kyrgyzstan in pre-Soviet times.The development of industry in Kyrgyzstan since the second half of the XIX century had a tremendous impact on the development of public relations, economy and enlightenment.*

***Key words:*** *Kyrgyzstan, industry, production, economy, capitalist, enlightenment.*

Алгач Кокон хандыгынын курамына, кийинчерээк Орус империясына карай баштаган Кыргызстандын аймагында XIX кылымдын башында негизинен көчмөн, жарым көчмөн кыргыз эли жашаган. Орто Азияда жашаган элдердин эң байыркысы болгон кыргыздардын [2.176] чарбачылыгынын негизгин мал чарбачылык менен жер иштөөтүүчүлүк түзүп келген. Башынан эле мал жандуу кыргыз эли жылкы менен кой бакканга басым жасап келишкен. Ал эми уйларды көчмөндүү турмуштун оор шартына байланыштуу күнүмдүк оокат тирилик үчүн күтүшкөн. XIX кылымдын башына карата кыргыз элинин чарбачылыгында өнөр жай ишканалары жай темпте болсо дагы өнүгө баштаган.

Кыргыз агартуусунун калыптанышынын негизги факторлорун XVIII кылымдын аягы – XX кылымдын башындагы коомдук-саясий, социалдык-экономикалык жана маданий абалы түзгөн. Илимий адабияттардагы маалыматтар боюнча XVIII к. экинчи жарымында Кыргызстанда патриархалдык-феодалдык мамилелер үстөмдүк кылып турган. Географиялык шартка ылайык кыргыз уруулары саясий бирикмелердин таасиринде жашашкан. Ички уруулар аралык чыр-чатактар, сырткы душмандардын кол салуулары уруулардын биригип, бирдиктүү мамлекет түзүшүнө кедергисин тийгизген. Ал эми тышкы саясаты болсо коңшу мамлекеттер, элдер менен тыгыз байланышта болгон. Жергиликтүү элдин негизги тиричилигин мал-чарбачылык, өрөөндөрдө дыйканчылык түзүп, жарым көчүмөн чарбачылыкта жашашкан. Байыркы Жибек жолунан орун алган Кыргызстандын аймагы соođанын өнүгүшүнө ыңгайлуу болгон. Ошондой эле майда чакан

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

өнөр жайлары да иштетиле баштаган. Кыргызстандын аймагында тоо-кен өнөр жайы VI-XII кылымдардан эле иштетиле баштагандыгы тууралуу маамыматтар кездешет. Фергана өрөөнүнө чектеш тоолуу райондордо, Сары-Жазда, Чаткал, Талас өрөөнүндө алтын, күмүш, жез, калай, коргошун, сымап, сурма, темир казып алынып иштетилген. Кенди казып алуу жер үстүнөн ачык жана жер астынан 20-25 метрден 60-80 метрге чейин терeңдикте жүргүзүлүп, казылып алынган жеринде иштетилген. Албетте кендерди казып алуу, аны масштабдуу пайдалануу XIX кылымдан баштап колго алына баштаган [6.346].

Батыш агартуучулары тынчсызданган өнөр жайдын калыптанышына түрткү болгон коомдук өнүгүүнүн капиталисттик элементтери XIX кылымдын ортосунан баштап күч алган [4.14-46]. Кокон хандыгынын учурунда эле аз санда болсо да өнөр жай ишканалары болгон. Буга мисал мещанин Хреников 1876-жылы Ферганада көмүр менен нефтини иштетүүгө уруксат алса (Өз.Р БМА. ф.1, оп.15. д.258. л.1), Россиянын империясынын учурунда И. Вангер (Баденск герцогствасынын тургуну) орус өкмөтүнөн Кокон хандыгынын мезгилинде эле менчиги болгон муай (нефть) булагын кайтарып берүү өтүнүчүн билдирген ходатайство берген (Өз.Р БМА. ф.1. оп15. Д.262. л.1-2.). Тоо кен өндүрүшү менен пахта тазалоочу, май тазалап чыпкоочу, тактай, тери иштетүүчү ж.б. өнөр жайдын түрлөрү пайда болуп, иштетилген [4.13-46;7.52-80]. Бирок ошого карабастан Кыргызстандагы экономиканын басымдуу бөлүгүн мурункудай эле мал чарбачылык менен жер иштетүүчүлүк түзгөн.

XIX кылымдан баштап Орто Азия, анын ичинде Кыргызстанда өнөр жай тармагы өнүгө баштаган, айрыкча Россиянын курамына киргенден кийин. Пахта өстүрүү, мал чарбасы, жер иштетүүнүн базасында кайра иштетүүчү өнөр жай ишканалары, завод, фабрикалар иштей баштаган. Пахта тазалоо, май чыгаруу, тери иштетүү, самын жасоо, пиво (сыра) жана арак заводдору, тегирмендер, тоо-кен шахталары өнүккөн. Түркстан аймагында тоо-кендерин иштетүүгө, алтындын запасын чалгындоого 1865-жылы атайын уруксат аймактын генерал-губернатору М.Г.Черняев менен Екатеринбургдун 1-гильдиядагы[1] соодагери Ф.Е.Подвинцевге берилген. 1866-жылы мындай уруксатты Москва, Санкт-Петербург, Омск, Тобольск, Пермь ж.б. жердик 1-гильдиядагы бир нече соодагерлер алышкан.

Падышалык Россиянын Түркстанды каратуусундагы кызыкчылыктары империядагы өнөр жай ишканаларынын пахтага болгон муктаждыгы эле. 1863-жылы Сыр-Дарыя облусунун аскердик линиясынын полковниги Веревкин Оренбургдун губернаторуна пахта өстүрүүнү көбөйтүү сунушун жөнөткөн. Анда Сыр-Дарыянын пахтасы сапаты боюнча Бухардыкына жетпеса да, перстердикинен жакшы экенин билдирет. 1868-жылдан баштап Сыр-Дарыяда пахта, Жети-Сууда жибек өндүрүү бир кыйла өскөн. 1876-жылы Оренбургдук соодагер Ванюшин Арал деңизинде балык өндүрүүнү көбөйткөн [4.14].

Түркстан аймагында өнөр жайдын өнүгүшүнүн абалын совет мезгилине чейин изилдеген В.Н.Оглоблиндин «Промышленность и торговля Туркестана» (1914) эмгегиндеги маалымат боюнча аймак Россиянын текстиль өнөр жайын пахта менен камсыз кылып тургандыктан, өстүрүүнүн аянты 16000 тешеден 430000 тешеге чейин көбөйүп, түшүм алуу 10 миң пуддан 14 млн. пудга жеткен. Көмүрдү казып алуу 1885-жылдан 1911-жылга чейинки аралыкта 417 миң пуддан 3 млн. 500 миң пудга жеткен. Нефти өндүрүү 30 миң пуддан 1902-жылы 2 млн. пудга жеткен.

Борбордук Азиянын Россиянын курамына кошулушу орус ишкерлерине ыңгайлуу шарт түзгөн. Түркстандын экономикасындагы, айрыкча өнөр жайында лидерликти алышкан орус, армиян соодагерлери менен өнөр жай ээлеринин абалы күндөн-күнгө бекемдей баштаган. XX к. башында орус өкмөтү таш-көмүрдү казып алуу менен нефти скважиналарын ачууга уруксаттарды берген. Натыйжада Түркстанда да орус жана чет

---

[1] Гильдия – шаар калкынын соода жүргүзгөн катмары. 1775-жылы Сенаттын Указы менен киргизилген. 1-гильдиядагы топко бай соодагерлер, банкирлер, өнөр жай ишканалары бар бай адамдар, доктур менен аптекачылар кирген. Алардын капиталы 1775-жылдагы Указ боюнча 10000 миң руб. ашыш керек болсо, 1824-жылдагы Падышанын Указы боюнча 50000 млн. руб. көп болуш керек.

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

өлкөлүк ишкерлердин капиталдары банктар аркылуу иштетиле баштап, аймакта нефть өндүрүүчү «Чимпион», «Майли-Сай», «Русское Товарищество «Нефть»», «Андреевское торгово-промышленное Товарищество», «Среднеазиатское нефтепромышленное Товарищество на вере «Н.Цуханов и Ко»», САНТО, «Вл.Алексеев», «Риштан», «Туркестанское нефтепромышленное Товарищество», «Битум», «Торговый дом Зигель и Рейнсгаген» ж.б. компаниялар пайда болгон. Тоо-кен өнөр жайында нефтини казып алуу өзгөчө орун ээлеген. Өнөр жайдын бул тармагы алгач Чангыр-Таше, Майлы-Сайда ачылган. Майлы-Сайдын нефтисине болгон өзгөчө кызыгуу XX кылымдын башына тура келген. Буга чейин аны Каспий-Кара деңиз коому (Ротшильд), гатчиский комендант, генерал-лейтенант фон Транзе, мурунку байланыш министри княз М.И.Хилковдор арендага иштетишкен. Ал эми XX башында 1907-жылы Англиянын капиталисттерине берилген [4.25].

Биринчи дүйнөлүк согуштун башталышында Кара-Кыргыз автономиялуу областынын РСФСРдын I съездине берген отчету боюнча, Кыргызстандын аймагында 5 көмүр копиясы, 3 туз копиясы, 8 тегирмен, 5 пиво заводу, 3 спирт тазалоочу завод, 2 маслобойный завод, 7 ичеги тазалоочу (кишкоочистительная) завод, 5 тери (кожзавод), 2 тактай (лесопилка) заводу, 5 пахта тазалоочу завод болгон.

Өнөр жай ишканаларынын көбөйүшү коомдук мамилелердин өнүгүшүнө, жумушчу табынын өсүшүнө, элдин социалдык катмарынын өзгөрүшүнө алып келген. Башкача айтканда Түркстан аймагында, анын ичинде Кыргызстанда өнөр жай ишканаларынын көбөйүшү жергиликтүү элдин өкүлдөрүнөн чыккан жумушчу табынын калыптанышына өбөлгө түзгөн. Чарба жүргүзүүнүн укладындагы өзгөрүүлөр, жеке менчиктин топтолушу, айыл-кыштактарда чарбалардын (үй-бүлөлөрдүн) жакырданышына алып келген. Үй-бүлөсүн багуу, жакырчылыктан чыгыш үчүн алар шаарларга, өнөржайы бар жерлерге келишип, жалданып иштешкен. Албетте, уруулук-патриархалдык аң-сезим аларды биротоло айылдан бошоткон эмес, ошондуктан бул көрүнүш башында маал-маалы менен болгон. Маал-маалы менен келип иштешип, оруу-жыюу учурунда чарбаларына барып көмөк көрсөтүшкөн. Акырындап тоо-кен ж.б. өнөр жай ишканаларында алардын узак мөөнөттө иштешинин көнүмдүк адатка айланышы, жашоо шартынын, аң-сезимдин өзгөрүүлөрү айыл турмушунан алыстата баштаган. Өнөр жайдын калыптана башташы көчмөн элдердин отурукташуусуна алып келип, анда иштеген жумушчулардын саны күндөн-күнгө өскөн [8.С.22]. Г.К.Кронгарддын «Население Киргизии в последней трети XIX-начале XX века» эмгегинде көрсөткөндөй жергиликтүү калк жер иштетүү, мал чарбачылыктан тышкары XIX кылымдын экинчи жарымынан баштап балык өстүрүү, жибек иштетүүчүлүк, токойчулук, аңчылык менен кесиптене башташкан. Түндүк Кыргызстандагы калктын 5% соода, өнөр жайында иштешкен. Жумушчу табынын өсүшү салыштырмалуу түштүк Кыргызстанда, Фергана областында кескин айырмаланган. 1913-жылга карата 38528 жумушчунун 10808и фабрика менен заводдордо иштесе, 27720 сы майда кол өнөрчүлүк ишканаларда эмгектенишкен. Анын ичинен Ош уездинде 1824 жумушчунун 170и завод, фабрикаларда катталган [8.С.22-23]. Кыргызстандын түндүк аймагын камтыган Жети-Суу областында жумушчулардын саны бир кыйла аз болгон. Анткени тоолуу аймак болгондуктан көчмөн, жарым көчмөн мал чарбачылык турмушта болгон. Майда кол-өнөрчүлүк жана ири өнөр жай мекемелеринде иштеген жумушчулардын саны 2011ге жеткен. Анын ичинен 221и Пишпек уездине, 134ү Пржевальск уездине таандык [8.С.23].

Кыргызстандын аймагында тоо-кен өнөр жайы башка өнөр жайларга караганда басымдуулук кылган. Ошого жараша тоо-кен ишканаларында иштеген жумушчулардын саны да арбын болгон. Алсак, 1913-жылга карата бир эле Кызыл-Кыя таш көмүр өндүрүү шахтасында 598 жумушчу шактер иштеген [8.23]. Чоң өнөр жай ишканаларына карганда чакан ишканалардын жумуш орду көп болгон. Ош уездинде 200 ишканада 300 киши иштеген. Кыргызстандын түндүгүндө өнөр жай ишканалары XIX кылымдын 80-90-жылдарда пайда болгон. Токмок, Пржевальск уездеринде 1892-жылы 20дан ашык ишкана

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

болуп, 70 адам иштеген. Капиталынын суммасын 28600 руб. түзгөн. Ага караганда чака ишканаларда 1711 киши иштеген [4.22]. Токмокто 4 тери иштетүүчү заводдо 45 жумушчу иштеген, иштетилген сумманын көлөмү 15800 руб. түзгөн.

Түркстан генерал-губернаторлугунун курамындагы областардын ичинен өнөр жайдын 80%ы  Фергана областында болгон. Генарал-губернатолукта 347 ири өнөр жай ишкана болгон, анын 147си, 12012 жумушчунун 6452 си, өндүрүштүн жалпы суммасынын (8513,3 миң руб.) 61516,9 миң руб. Фергана областында болгон. Ал эми Жети-Суу областында 646 жумушчу күчү бар 26 ишкана 1158 миң руб. товар өндүргөн [4]. Бирок, Кыргызстандын аймагында бир азы эле жайгашкан.

XX кылымдын башында өнөр жай ишканалары көбөйгөн. 1914-жылга карата Фергана областындагы 115603983 руб. көлөмүндөгү товар өндүргөн, 18364 киши иштеген 302 ишкананын Ош уездинде 4ү иштеген. 3 пахта иштетүүчү, 1 ичеги иштетүүчү заводдо 1034800 руб. көлөмүндө товар чыгарылган. Анын 1014800 руб. пахта иштетүүчү завод, 20000 руб. ичеги заводунда өндүрүлгөн. Пахта иштетүүчү заводдо 78 жумуш орун болсо, ичеги иштетүүчү заводдо 10 адам иштеген. Ушул эле учурда уезде 1370 майда кол-өнөрчүлүк ишканасында 1832 жумушчу иштеп, 628851 руб. продукциясын чыгарышкан (Статистический обзор Ферганской области за 1914 г. Скобелев, 1917. Приложение 10,11.). Россиянын курамына киргенге чейин тоо-кен өнөр жайы кустарлык мүнөздө болгон. Россиянын курамына киргенден кийин ишканалардын өндүрүмдүүлүгү арткан. Айрыкча Кызыл-Кыя, Сүлүктү шахталарында. 1817-жылы Кызыл-Кыяда 5968780 пуд көмүр өндүрүлсө, Сүлүктүдө 3968310 пуд өндүрүлгөн.

Борбордук Азиядагы жумушчу табынын шарттары, алардын тапкан кирешелери Россиянын өзүндөгү, башка өнөр жайлуу өлкөлөрдөн кескин айырмаланган. Бир эле эмгек аксына токтолсок, ошол эле Россиянын өзүндөгү жумушчуларга салыштырсак 2,5 эсе төмөн айлык алышкан. Кыргыз, казак улутундагы жумушчулардын бир күндүк айлыгы 69 копп. болгон[4.45].  Сүлүктү шахтасындагы көчүрүлүп келинген жумушчуларга (Россиядан) 1 руб. 50 копп., жергиликтүү элдин өкүлдөрүнө 30 копп. Төлөнгөн [8.25]. Анткени Түркстан болгону Россиянын колониялык объектиси эле.

Жумушчу табынын калк жыш жайгашкан шаарларда, элдүү пункттарда топтолушу шаар маданиятына эрте аралашуусуна алып келген. Ар түрдүү улуттардын өкүлдөрү менен пикир алышуусунан алган таасирлери алардын коомдук аң-сезиминин өсүшүнө, кесиптик зарылчылыктан келип чыккан сабаттуулугунун ачылышына өз таасирин тийгизген.

Батыштын агартуучулары адамзаттын тарыхынын өнүгүү этабына «Агартуу кылымын» кошу менен, жаңы тарыхый субъекти, б.а. өнөр жайлуу коомдун мүчөсүн же сабаттуу индивдди калыптандырышкан. “Агартуу доору” өнөр жайдын, сооданын өнүгүшү менен бирге жаңы талаптарды да койгон. Башкача айтканда жаңы коом үчүн жаңы эркин жумушчу күчү керек болгон, а бул феодалдык абсолюттук режимге каршы келген. Ошондуктан алардын идеясында жаңы муундун адамын – билимдүү, кесиптин ээсин тарбиялоо да негизги проблемалардан болгон.

Аймактын экономикалык өнүгүүсү, коомдук аң-сезимдин өнүгүшү менен коштолуп, калктын маданиятын, сабаттуулугун көтөрүүдөгү светтик билимдин зарылдыктарын койгон. Натыйжада Түркстан аймагында, анын ичинде Кыргызстанда орус, орус-тузем, жаңы усулдук мектептер менен кесипчиликке даярдай турган окуу жайлары ачылып, иштей баштаган. Алсак, 1883-жылдан баштап Пржевальскиде төрт жылдык төмөнкү айыл-чарба мектеби ачылып иштей баштаган. Бул окуу жайында орустардын келиши менен пайда боло баштаган айыл чарба техникаларын пайдаланууну, жерди иштетүүнүн илимий негиздери окутуу менен жергиликтүү калктын балдарынан агрономдорду даярдай башташкан.[1.128] Мектепте айыл чарбаны иштетүүгө киришүү, малдын продукциясын жогорулатуунун ыкмалары, багбанчылык боюнча окутушкан. Шаардык мектептерде да кесипке үйрөтүлө баштаган. Мисалы,1888-жылдын 1-январына карата маалымат боюнча аймактагы шаардык мектептердин 528 окуучусунун 230у кесипке үйрөтүлгөн. Кол

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

өнөрчүлүккө, кесипке үйрөнүү окуучулар үчүн милдеттүү болгон.1889-жылдын аягында, мындай мектеп Пишпекте ачылган.[3.31] Үч класстан турган айыл чарба мектептериндеги окуу мөөнөтүү 3 жылга созулган. Мектепте дин сабактары, орус тили, таза жазуу, арифметика, табият таануу, тарых, географиядан тышкары багбанчылык, жер иштетүү, токойчулук, балчылык боюнча адис сабактар, ботаника, жибек өстүрүү, жер иштетүү, чийүү, мыйзам таануу сабактары кирген. Мектепте устачылыкты, слесарлыкты, жыгач иштетүүнү, бут кийим тигүүнү да үйрөткөн. Пржевалскидеги айыл чарба мектебинин 300 теше, Пишпек мектебинин 100 теше жери болгон [3.31-32]. 1872-жылы Каракол шаарында приходдук училища, 1879-жылы эки жылдык шаардык мектеп ачылган. 1886-жылы Кыргызстандын аймагындагы биринчи орус-тузем мектеби Караколдо ачылат [1.127]. Караколдогу шаардык эки жылдык мектепте 80 бала окуган, алардын арасында кыргыз улутундагылар да болгон. 1911-жылы Пржевальскиде орус кыздардын гимназиясы, 1901-жылы Преображенскиде кол өнөрчүлөрдүн (ремесленное) училищасы ачылып, анда орус балдар менен катар кыргыздар да окушкан. Анда окуучуларды өтүкчү, устачылык, тигүүчү кесиптерине даярдашкан [1.128]. Кийинчерээк бул училищалардын алдында чоңдор үчүн кечки курстар ачылган, аны каржылоо шаардык казналарга жүктөлгөн. Мисалы, Оштогу приходдук училищанын алдында ачылган кечки курста алгач 12 киши окуса (1884-ж.), 1914-жылы 25 окуучу окуган. Окуу жумасына 4 жолу 2 сааттан болуп, орус-тузем мектебиндеги ыкма менен окутулган. К.К.Палендин отчету боюнча жергиликтүү бюджеттен 1 жылга 300 руб бөлүнүп, анын 240 руб. сабак өткөндөргө, 60 руб. окуу куралдарына, окуу үчүн керектүү каражаттарга жумшалган.

Коомдун өнүгүшүнө ыңгайлуу бардык шарттары болгон менен Кыргызстан Борбордук Азиянын башка аймактарына салыштырганда экономикалык өнүгүүсү боюнча алда канча арта калган. Өнөр жайдын өнүгүүсүнө жетишерлик деңгээлде көңүл бурулган эмес. Анткени биринчиден, Европа, Америкадагыдай өнөр жайдын өнүгүшүнө болгон коомдук муктаждык бышып жетилбеген; экинчиден Кокон хандыгынын башкаруучулары экономикалык реформаларды жүргүзүүгө жөндөмсүз болушса, ал эми Орус империясы үчүн Кыргызстан колония боюнча калган.

**Адабияттар тизмеси**


1. Айтбаев М.Т. Историко-культурные связи киргизского и русского народов [Текст] М.Т.Айтбаев. - Фрунзе: Изд. АН Кирг ССР, 1957. – 171 с.
2. Бартольд В.В. Избранные труды по истории кыргызов и Кыргызстана [Текст] / В.В.Бартольд. – Бишкек: Шам, 1996. – 608 с.
3. Данияров С.С. Становление киргизской советской культуры (1917-1924 гг.) [Текст] / С.С.Данияров. – Фрунзе: Илим, 1983. – 201 с.
4. Зима А.Г. Киргизия накануне Великой Октябрьской социалистической революции [Текст] / А.Г.Зима. – Фрунзе: 1959. – 114 с.
5. Кененсариев Т. Экономическая политика царского правительства во 2-й половине XIX – начале XX вв. [Текст] / Т.Кененсариев. – Бишкек: 2009. – 287 с.
6. Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасы [Текст]: Энциклопедия. – Фрунзе: Кыргыз Совет Энциклопедиясынын башкы редакциясы, 1983. – 496 б.
7. Усенбаев К. У. Общественно-экономические отношения киргизов в период господства Кокандского ханства [Текст] / К.У.Усенбаев. — Фрунзе: Изд-во АН Кирг, ССР, 1961. – 166 с.
8. Усенбаев К. Восстание 1916 года в Киргизии [Текст] / К.Усенбаев. – Фрунзе: Илим, 1967. – 327 с.